КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ
КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# МУЗЫКА

предмети боюнча жалпы билим берүүчү уюмдардын
I-VI класстары үчүн окуу программасы

**Бишкек – 2025**

**Программаны түзүүчүлөр:**

1. Дуйшеналиев Жумабек Сапаралиевич – Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун «Маалыматтык жана Art-технологиялар» кафедрасынын башчысынын м.а., ага окутуучу, музыка таанучу (топтун жетекчиси).
2. Жакыпов Кубат Куланчиевич – Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусства университетинин окуу иштер боюнча проректору, п.и.к., доцент.
3. Молдаширова Айым Азатбековна – Сокулук району, К.Шопокова атындагы №3 мектеп-лицейинин музыка мугалими.

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү орто мектептердин 1-6-класстары үчүн "Музыка" окуу программасы предметтик стандартка ылайык иштелип чыккан. Ал бардык билим берүү уюмдары үчүн милдеттүү болгон окутуунун мазмунун, көлөмүн, процессти уюштурууну жана билимди баалоону аныктайт. Анын негизинде тематикалык пландар, ОУК, ноталык хрестоматиялар жана кошумча материалдар түзүлөт.

## ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

Бүгүнкү күндө билим берүү системасында музыка предметинин орду жогору болуп жатат. Музыка окуучулардын эмоционалдык, интеллектуалдык жана руханий жактан өсүшүнө зор таасир тийгизип, көп тараптуу өнүгүшүнө көмөк берет. 12 жылдык билим берүү системасында, башталгыч класстарда музыка предметин окутуунун актуалдуулугу бир катар себептер менен шартталган.

Музыканын таасири:

Эмоционалдык өнүгүү: Музыка окуучулардын сезимдерин, эмоцияларын аңдоого, туюуларга жана чыгармачылыкка үндөйт.

Интеллектуалдык өнүгүү: Музыкалык окуу эске тутуу, көңүл бурдуруу, ой жүгүртүү жана маалыматты талдоо сыяктуу интеллектуалдык процесстерди өнүктүрөт.

Физикалык өнүгүү: Музыкалык аспапта ойноо, ырдоо жана бий тандоо окуучулардын дене координациясын, реакциясын жакшыртат.

Социалдык өнүгүү: Музыкалык иш-чараларга катышуу окуучулардын коллективде иштөө, бири-бирине жардам берүү жөндөмдөрүн өнүктүрөт.

Руханий-ахлактык тарбия: Кыргыз элинин улуттук музыкасын үйрөнүү окуучулардын элибиздин маданиятын, тарыхын жана салтын таанып-билүүсүнө шарт түзөт. Ырлардын маани-мазмунун түшүнүү жакшылыкка, тууралыкка умтулуусун күчөтөт.

Заманбап технологиялар жана музыка:

Музыкалык импровизация: Музыкалык аспапта ойноо, хор/жеке ырдоо учурунда өзүнүн чыгармачылык жөндөмүн колдонуу окуучулардын фантазиясын, ой-көркөмдүүлүгүн өнүктүрөт.

Жаңы технологиялар: Интерактивдүү сабактар, музыкалык оюн-зоок, видео, аудио материалдарды колдонуу сабактарды кызыктуу кылып, окуучулардын активдүү катышуусун камсыздайт. Онлайн платформалар үйдөн да музыкалык билим алуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтет.

Мамлекеттик стандартка ылайыктуулук:

Кыргыз Республикасынын предметтик стандартында музыка сабагын окутуунун мааниси белгиленип, окуучулардын улуттук маданиятын, искусствосун таанып-билүүсү зарыл деп каралган.

Башталгыч класстарда музыка предметин окутуу окуучулардын көп тараптуу өнүгүшүнө, улуттук маданиятыбызды сактоого, чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган.

**Предметтик компетенттүүлүктөр:**

1. **Аткаруучулук компетенттүүлүгү – о**куучулар хор/жекече ырдаганды жана жөнөкөй музыкалык аспаптарда ойногонду, музыканы/обонду туура аткарууну, музыканын фонунда ыргак менен текст/монолог, декламация айтканга, музыкалык билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болуусун билдирет.

2. **Эмоционалдык-образдуулук компетенттүүлүгү – о**куучулар сезимдерин музыка аркылуу билдирүүгө жана музыка берген эмоцияларды түшүнүүгө аракеттенүүсүн билдирет.

3. **Музыкалык-эстетикалык компетенттүүлүк** – окуучулар музыканын сулуулук сезимин өрчүтүп, ар кандай музыкалык ыргактарды, формаларды, стилдерди жана чыгармачыл идеяларды баалоосун билдирет.

Музыкалык чыгарманы аңдап түшүнүүнүн негизинде музыканы уга билүү, аны хор менен же/жана жекече аткара билүү, талдай билүү билгичтиктерин баскычтуу, ырааттуу түрдө калыптандыруу турат. Буга байланыштуу, компетенттүүлүктөрдүн мазмунунда музыкалык чыгарманы түшүнүү үчүн бир нече аспектилер бөлүнүп көрсөтүлгөн. Алар: 1) музыкалык чыгарманы баштапкы кабылдоо жана аны менен таанышуудан, угуудан пайда болгон эмоциялык абалды сыпаттоо; 2) талдоо; 3) интерпретация; 4) баалоо.

Программанын талаптарын аткарууда мугалимдерге чыгармачылык эркиндик берилет. Сабак өтүү программада берилген музыкалык материалдар менен гана чектелбейт. Мугалим предметтик стандарттагы мазмундук багыттарды, сабактын тематикасын сактоо менен башка музыкалык чыгармалардан колдонууга толук мүмкүнчүлүктөрү бар.

**Башталгыч класстарда «Музыка» предметинин максаты –** окуучулардын улуттук баалуулуктарга, негизги жана предметтик компетенттүүлүктөргө негизделген музыкалык-эстетикалык, салттуу маданиятты кабылдоосун жана жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык чыгармачылык жөндөмдөрүн калыптандыруу болуп саналат.

**Башталгыч класстарда «Музыка» предметинин милдеттери:** төмөндөгүчө аныкталат:

1. **Билим берүүчүлүк милдеттер** – музыкалык билим, тарбия берүүнүн күтүлүүчү натыйжасын камсыздаган билимдерге, билгичтиктерге, көндүмдөргө жана функционалдык сабаттуулукка ээ болуусун үйрөтүү.
2. **Тарбиялык милдеттер** – окуучунун жаш курагына ылайык музыкалык чыгармалардын негизинде улуттук баалуулуктарга, маданиятка жана адеп-ахлакка, болгон сый-урматты калыптандыруу жана адам (инсан) катары тарбиялоо.
3. **Өнүктүрүүчү милдеттер** – улуттук музыкалык искусствонун баалуулугун таануу, ага кызыгууну, улуттук маданият, чыгармачыл ой жүгүртүү, ыргактык сезим, сулуулукту элестетүү жактан өнүгүүгө негизделген окуучунун музыкалык-эстетикалык маданиятын калыптандыруу.

**1-6-класстардын Музыка предметинин мазмундук багыттары:**

1. **Музыкалык тил жана таасирдүү көркөм каражаттар** – окутуунун алгачкы этаптарында нота, ыргак, обондун элементтери сыяктуу музыкалык теориянын негиздерин өздөштүрүүгө басым жасалат. Окуучулар негизги музыкалык символдорду таанып, угуу сезимин өрчүтүшөт жана музыкалык фразаларды чечмелөө жөндөмүн өрчүтүшөт.
2. **Практикалык аткаруу жана аткаруучулук көндүмдөрүн өнүктүрүү** – окуучулар ар кандай музыкалык аспаптарда (мисалы, комуз, добул бас, фортепиано (окуучулар үчүн), урма аспаптар, элдик урма аспаптар ж.б.), ошондой эле хор /жекече ырдоолорго активдүү катышышат. Бул моторикасын, координациясын жана команданын өз ара аракеттенүүсүн жана өз жөндөмүнө болгон ишенимин өркүндөтөт.
3. **Ар кандай ыргактарды, жанрларды, стилдерди жана салттуу маданиятты үйрөнүү** – окутуу улуттук элдик, классикалык музыка, ар кандай этностордун элдик ырлары, заманбап музыкалык багыттар менен таанышууну камтыйт. Кыргызстандын жана дүйнөнүн маданий ар түрдүүлүгүнө басым жасалып, толеранттуулукту жана маданияттар аралык түшүнүктү өркүндөтөт.
4. **Угуу жөндөмүн жана эстетикалык кабылдоону өнүктүрү** – окуучулар музыканы кунт коюп угууну, анын түзүлүшүн жана эмоционалдык билдирүүсүн талдоону үйрөнүшөт. Бул тенденциянын алкагында сынчыл ой жүгүртүү жана уккан чыгармалар боюнча өз таасирлерин билдирүү жөндөмү өнүгөт.

Бул программанын милдеттерин иш жүзүнө ашыруу, музыкалык чыгармачылыктын ар түрдүү түрлөрү аркылуу жүргүзүлөт. Алардын негизгилеринен, хор/жекече ырдоо, музыка угуу жана ал жөнүндө ой жүгүртүү, балдар музыкалык аспаптарында ойноо, музыкалык ыргактык кыймыл, пластикалык интонациялоо жана импровизациялоо, музыкалык драмалык сахналаштыруу болуп эсептелет.

Программанын музыкалык негизин кыргыз элдик ырлар, дастандар, музыкалык жомоктор менен музыкалык фольклордун үлгүлөрү жана классик-композиторлор менен обончулардын чыгармалары түзөт. Бөтөнчө классик-композиторлордун балдар үчүн жазылган чыгармалары «иллюстративдик» жардамчы функцияны аткарбастан, программанын мазмунун өздөштүрүүдө максаттуу, маанилүү роль ойнойт.

Программадагы музыкалык чыгармалар окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө, чыгырмалардын жеткиликтүүлүгүнө жана көркөм таасирдүүлүгү менен билим, тарбия берүүчүлүк багыттарына «жөнөкөйдөн, татаалга» принцибин эске алуу менен тандап алынды. Академиялык материалдар реалдуу мүмкүнчүлүктөргө жооп берген сабак кызматынын чегинде берилди. Балдар ырларынын репертуары бир канча вариативде колдонуу максатта кеңейтилген варианттарда сунушталды.

Угуу үчүн берилген музыкалык чыгармалар же ал чыгармалардын фрагменттери 1-4-класстарда эки минуттан, ал эми 5-6-класстарда болсо үч минуттан ашпоосу сунушталат.

***Программадагы негизги методдор:***

*1. Практикалык методу* – окуучулардын жаш куракtарына ылайык элдик (комуз, кыл кыяк ж.б. күүлөр), классикалык музыкалык чыгармаларды, ыргак менен декламацияны түздөн-түз аткарууга, жөнөкөй музыкалык аспаптарда ойноого, хор/жекече ырдоого жана импровизацияга негизделген. Бул, окуучунун чыгарманы аткаруу жөндөмүн, музыканы угууну жана ыргактык сезимин өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

*2. Угуу методу* – чыгармаларды угуу, талдоо жана талкуулоо аркылуу музыканы активдүү кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнү камтыйт. Бул метод улуттук музыкалык чыгармаларды угууну жана эстетикалык кабылдоону калыптандырууга жардам берет.

*3. Түшүндүрмө-иллюстрациялык метод* – визуалдык материалдарды, иллюстрацияларды, комьютердик музыкаларды, ноталык жазууларды көрсөтүүнү жана аткаруу үлгүлөрүн колдонуу менен музыканын теориялык аспектилерин түшүндүрүүнү камтыйт.

*4. Оюн методу* – окутуунун оюн формаларын (музыкалык оюндар жана жомоктор, конкурстар, викториналар) колдонот, бул сабактарды кызыктуу кылат жана окуучунун активдүү катышуусу аркылуу билимдин бекемделишине өбөлгө түзөт.

*5. Долбоордун методу* – чыгармачыл тапшырмаларды аткарууну, өз алдынча музыкалык долбоорлорду же мини-спектаклдерди түзүүнү камтыйт, бул окуучулардын чыгармачылыгын жана өз алдынчалыгын өнүктүрөт.

*6. Интегративдик метод* – музыка сабагын башка предметтер (мен жана дүйнө, адабият, тарых, көркөм өнөр ж.б.) менен байланыштырат, бул, предметтер аралык өнүгүүнү жана маданий контекстти тереңирээк түшүнүүнү жеңилдетет.

Окутуунун ар түрдүү методдорун колдонуу окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алууга, алардын предметке болгон кызыгуусун арттырууга жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн комплекстүү өнүгүүсүн камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Музыкалык педагогиканын маанилүү милдети сабактын максаттарына, даярдык деңгээлине

жана ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүнө жараша методдордун оптималдуу айкалышын тандоо болуп саналат.

Музыка сабагында баалоонун негизги аспектилери төмөнкүлөр: *1. Формативдик баалоо* – окуу процессинде жүргүзүлөт жана окуучулардын прогрессине дайыма көз салууга багытталган. Бул учурда оозеки комментарийлер, аткаруу байкоолору, өзүн өзү баалоо жана өз ара баалоо колдонулат. Мындай мамиле мугалимдерге сабактын методдорун жана мазмунун өз убагында оңдоп — түзөөгө, ал эми окуучуларга алардын жетишкендиктерин жана жакшыртуу багыттарын билүүгө жардам берет. *2. Суммативдик баалоо* – окутуунун белгилүү бир этабы аяктагандан кийин жүргүзүлөт (мисалы, тема же бөлүм изилденгенден кийин). Анын алкагында тесттер, тесттик тапшырмалар колдонулушу мүмкүн, бул программанын конкреттүү аспектилери боюнча билимди, билгичтикти жана көндүмдөрдү өздөштүрүү деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берет. *3. Диагностикалык баалоо* – жаңы материалды үйрөнүүдөн мурун окуучулардын музыкалык жөндөмдүүлүгүнүн баштапкы деңгээлин аныктоо үчүн же зарыл болсо, ар бир окуучунун индивидуалдуулугун аныктоо үчүн колдонулат. *4. Баалоо критерийлери* – аткаруучулук чеберчиликти билүү (интонациянын тазалыгы, ыргактык тактык), нотаны окуй билүү, сабакка активдүү катышуу, чыгармачыл демилгелер жана музыканы эмоционалдык кабыл алуу кирет. 5. *Баалоо формалары* - ар түрдүү: оозеки сүйлөшүүлөр, байкоолор, окуучулардын жумушунун портфолиосу, өзүн өзү баалоо жана өз ара баалоо, жетишкендиктерди объективдүү талдоо үчүн атайын баалоо таблицаларын колдонуу.

***1-6-класстардын жылдык темалары төмөнкүлөр болду:***

1-класс:

Тема: Музыкалык дүйнөгө саякат: – Музыканын негиздери менен таанышуу, ырдоо, ыргактык көнүгүүүлөр, музыкалык аспаптар менен таанышуу.

2-класс:

Тема: Музыка жана аң-сезим: – Музыкалык ойгонтуу, ырдоо, ыргак, музыкалык формалар, музыкалык аспаптардын үй-бүлөсү.

3-класс:

Тема: Музыка жана маданият: – Кыргыз элинин улуттук музыкасы, элдик ырлар, музыкалык оюндары, музыкалык аспаптардын тарыхы.

4-класс:

Тема: Музыка жана чыгармачылык: – Музыкалык ойлорду жаратуу, ыр жазуу, мелодия түзүү, музыкалык түзүлүштөрдү талдоо.

5-класс:

Тема: Музыка жана жанрлар: – Ар кандай музыкалык жанрлар менен таанышуу (классикалык, элдик, эстрадалык), жанрлардын өзгөчөлүктөрү, композиторлордун чыгармалары.

6-класс:

Тема: Музыка жана коом: - Музыканын коомдук ролу, музыкалык окуялар, музыкалык фестивалдар, музыкалык аспаптардын оркестрдеги орду.

**1-класста** «Музыкалык дүйнөгө саякат» деген жалпы жылдык тема коюлуп, анын мазмуну жана максаты төмөнкү багыттарда берилди:

1-чейрек: «Мектебим, мекеним музыкада жана таңды жаратуу». Темалар: – Музыка эмне? Музыканын түрлөрү (ыр, музыка, ыргак); – Музыкалык үндөр менен таанышуу (бийик, төмөн, узун, кыска); – Ыргактык көнүгүүлөр (кол чабуу, тамашалоо, дене кыймылдары менен ритмди түшүнүү); – "Таңды жаратуу" оюну (ар кандай музыкага карата кыймылдарды түзүү).

Күтүлгөн натыйжа: Окуучулар музыканын негизин түшүнүп, ритмди сезип, кыймыл аркылуу музыканы билдире алышат.

2-чейрек: "Үн менен ойно" Темалар: – Кыргыз улуттук музыкалык аспаптары менен таанышуу (добуш, үнүнүн өзгөчөлүктөрү); – Ар кандай аспаптардын үнүн таанып, айырмалап билүү; – Аспаптардын үй-бүлөсү (урулуштук, кагынды, үйлөмө); – "Аспаптар оркестри" оюну (ар кандай үн чыгаруучу буюмдарды колдонуу); – Күтүлгөн натыйжа: Окуучулар музыкалык аспаптарды таанып, алардын үнүн айырмалап, аларды колдонуу менен музыка жаратууга кызыгууну арттырат.

3-чейрек: "Ырлар дүйнөсү". Темалар: – Кыргыз элинин ырлары менен таанышуу; – Ырдын маанисин түшүнүү жана эмоционалдык маанайын билүү; – Ырды туура ыргакта жана таза үндө ырдоо; – "Ырдоо мелдеш" оюну (ырды туура ырдоо боюнча мелдеш). - Күтүлгөн натыйжа: Окуучулар ырларды жакшы ырдоо, ырдын маанисин түшүнүү жана музыкалык эстетикалык сезимдерин өнүктүрүү.

4-чейрек: "Музыкалык саякат". Темалар: – Ар кандай музыкалык жанрлар менен таанышуу (окуучуларга ылайыкталган ырлар, оюн-зоок музыкасы); – Музыканын маанайын жана мүнөзүн аныктоо; – Музыкага карата кыймылдарды түзүү (бийлөө, пантомима); – "Музыкалык саякат" оюну (ар кандай музыкага карата кыймылдарды аткаруу). – Күтүлгөн натыйжа: Окуучулар ар кандай музыкалык жанрларды таанып, музыканын маанайын түшүнүп, музыкага кыймыл аркылуу жооп бере алышат.

**I ЧЕЙРЕК. «Мектебим, мекеним музыкада жана таңды жаратуу (18 саат)**

**Тема: «**Музыка эмне? Музыканын түрлөрү (ыр, музыка, ыргак) **(4 саат).**

***Маалыматтык (окуу) материалдары:*** Музыкалык дидактикалык оюндар. «Мектеп» темасынын негизинде аткарылган музыкалык чыгармаларды кайталоо. Өтүлгөн темалардын негизинде окуучулар менен диалог түзүү, маектешүү.

***Музыкалык материалдар:***

1. «Биринчи коңгуроо», музыкасы К.Эралиеваныкы, сөзү С.Рысбаевдики - уктуруу.
2. «Мектебим», музыкасы Б. Исаковдуку, сөзү И. Исаковдуку – үйрөтүү, аткаруу.
3. «Сабакта», музыкасы К. Молдобасановдуку — уктуруу.
4. «Китеп», музыкасы И.Аманбаевдики, сөзү А.Кадыровдуку – үйрөтүү, аткаруу, уктуруу.
5. «Цветной дождик», музыкасы жана сөзү Ю.Фескинаныкы – уктуруу.
6. «Цветной дождик», музыкасы жана сөзү Ю. Фескинаныкы – уктуруу жана үйрөтүү, аткаруу.
7. Музыкалык дидактикалык оюндар.

**Тема: «Музыкалык үндөр менен таанышуу (бийик, төмөн, узун, кыска), күз келди, » (6 саат).**

***Маалыматтык (окуу) материалдары:*** Музыкалык дидактикалык оюндар. «Күз келди» теманын негизинде аткарылган музыкалык чыгармаларды кайталоо. Өтүлгөн темалардын негизинде окуучулар менен диалог түзүү, маектешүү.

***Музыкалык материалдар:***

1. «Цветной дождик», музыкасы жана сөзү Ю. Фескинаныкы – үйрөтүү жана аткаруу.
2. «Күзүндө», музыкасы К. Молдобасановдуку – уктуруу.
3. «Күздө», музыкасы А. Малдыбаевдики, сөзү А. Токомбаевдики – үйрөтүү, аткаруу.
4. «Күзгү бакчам», музыкасы С. Айдаровдуку, сөзү Ж. Садыковдуку — уктуруу.

5. «Күзгү бакчам» — кайталап уктуруу. Окуучулар менен «Күз» жөнүндө чыгармалар менен маек куруу.

6. «Жардам бердик», музыкасы А. Малдыбаевдики, сөзү М. Жангазиевдики — үйрөтүү, аткаруу.

7. «Цветной дождик», музыкасы жана сөзү Ю. Фескинаныкы – уктуруу.

**Тема: «Ыргактык көнүгүүлөр (кол чабуу, тамашалоо, дене кыймылдары менен ритмди түшүнүү)» (8 саат).**

***Маалыматтык (окуу) материалдары:*** «Тып-тып» – аткаруу жана уктуруу. Чыгарама жөнүндө маек куруу. «Турумтай», «Торгой», музыкасы элдики. Окуучулар менен куштар жөнүндө салыштырып уккан музыкалары жөнүндө маектешүү. «Күзгү бакчам», «Мектебим», «Куштар кетти» деген темалар боюнча элестөөлөрдү музыка угуу менен кагаз бетине сүрөттөө. Чейректик корутунду концерт – сабак.

***Музыкалык материалдар:***

1. «Куштар кетти», музыкасы А. Аманбаевдики, сөзү А. Осмоновдуку – үйрөтүү, аткаруу.
2. «Турумтай», музыкасы элдики — уктуруу.
3. «Торгой», музыкасы элдики – уктуруу.
4. «Тып-тып», музыкасы жана сөзү Г. Эсенгулованыкы – үйрөтүү, аткаруу.
5. «Мамалак», музыкасы жана сөзү. Г. Эсенгулованыкы – уктуруу жана үйрөтүү, аткаруу.
6. «Уят ай», музыкасы Ж. Малдыбаеваныкы, сөзү А. Кадырованыкы – уктуруу.

**II ЧЕЙРЕК (14 саат)**

**Тема: «**Кыргыз улуттук музыкалык аспаптары менен таанышуу (добуш, үнүн өзгөчөлүктөрү); **(4 саат)**

***Маалыматтык (окуу) материалдары:*** Окуучулар менен уктурулган чыгармаларды салыштыруу аркылуу, добуш, үнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндө маек куруу.

***Музыкалык материалдар:***

1. «Чымчыктын ыры», музыкасы С.Айдаровдуку, сөзү А.Осмоновдуку – үйрөтүү, аткаруу.
2. «Жөжөлөрүм», музыкасы К. Молдобасановдуку — уктуруу.
3. «Күчүк досум», музыкасы Т. Саламатовдуку – уктуруу.
4. «Кышта», музыкасы А. Малдыбаевдики, сөзү Т. Кожомбердиевдики — үйрөтүү, аткаруу.
5. «Жөжөлөрүм», «Күчүк досум» – уктуруу.
6. «Кышта», музыкасы Ж. Малдыбаеваныкы – уктуруу, аткаруу.

**Тема: «Ар кандай аспаптардын үнүн таанып, айырмалап билүү, кыш келди» (4 саат)**

***Маалыматтык (окуу) материалдары:*** Окуучулар чыгармаларды салыштыруу менен ар кандай аспаптардын үнүн таанып, айырмалап билүү боюнча маек куруу. Окуучулар менен «Кыш» жөнүндө уктурулган, аткарылган чыгармаларды салыштыруу. Музыкалык дидактикалык оюндар.

***Музыкалык материалдар:***

1. «Кышта», музыкасы А.Малдыбаевдики, сөзү Т.Кожомбердиевдики – аткаруу, уктуруу.
2. «Балаты», музыкасы А. Аманбаевдики – уктуруу.
3. «Таарынчаак», музыкасы А.Укурчиновдуку, сөзү Ж.Кармановдуку – үйрөтүү, аткаруу.
4. «Чыр бала», музыкасы жана сөзү Г. Эсенгулованыкы – уктуруу.

**Тема: «Аспаптардын үй-бүлөсү (урулуштук, кагынды, үйлөмө), жаңы жылды тосолу» (6 саат)**

***Маалыматтык (окуу) материалдары:*** «Жаңы жылды тосолу» аттуу темада окуучулар менен өтүлгөн чыгармаларды салыштыруу, маек куруу. Окуучулар менен ырлардын мазмунун салыштыруу. Чейректик корутунду сабакка даярдануу. Музыкалык дидактикалык оюндар. Чейректе өткөн (аткаруу жана уктуруу үчүн) чыгармаларды кайталоо. I жарым жылдык жыйынтык концерт-сабак.

***Музыкалык материалдар:***

1. «Жаңы жылды тосолу», музыкасы М. Абдраевдики – уктуруу.
2. «Новогодняя», музыкасы А. Филиппенконуку, сөзү Г. Бойконуку – үйрөтүү, аткаруу.
3. «Аяз-Ата», музыкасы Э. Койбагарованыкы -уктуруу.
4. «Жаңы жыл жылмаят», музыкасы К.Эралиеваныкы, сөзү Д.Жамансартованыкы – үйрөтүү, аткаруу.
5. «Аяз-Ата», «Жаны жылды тосолу» – уктуруу.
6. “Жаңы жыл жылмаят» – аткаруу.

**III ЧЕЙРЕК (20 саат)**

**Тема: «Кыргыз элинин ырлары менен таанышуу, гүлдөй берсин мекеним» (8 саат)**

***Маалыматтык (окуу) материалдары:*** Окуучулар менен уктурулган чыгармалар жөнүндө маек куруу. Өткөн сабактардагы уктуруу үчүн берилген чыгарамалардын мазмуну жөнүндө баарлашуу. Музыкалык дидактикалык оюндар. Окуучулар менен чыгармалардын маанайы жөнүндө баарлашуу.

***Музыкалык материалдар:***

1. «Гүлдөй берсин мекеним», музыкасы А. Малдыбаевдики, «Мекенге ырды арнайбыз», музыкасы Ж. Малдыбаеваныкы, «Жер эне», музыкасы, сөзү Г. Эсенгулованыкы – уктуруу.
2. «Кең мекен», музыкасы А. Жээнбаевдики, сөзү Р. Рыскуловдуку – үйрөтүү, аткаруу.
3. «Дайым күн болсун», музыкасы А. Островскийдики, сөзү Л.Ошаниндики – үйрөтүү, аткаруу.
4. «Кең мекен», музыкасы А. Жээнбаевдики, сөзү Р. Рыскуловдуку – аткаруу, уктуруу.
5. «Гүлдөй берсин мекеним», «Мекенге ырды арнайбыз» – уктуруу.
6. «Байчечекей», музыкасы К. Букалаевдики, сөзү М. Жангазиевдики – аткаруу.
7. «Бабалардай болгум келет», музыкасы А. Жээнбайдыкы, сөзү Ж. Бөкөнбаевдики, «Гүлдөй берсин мекеним», музыкасы А. Малдыбаевдики – уктуруу.

**Тема: «Ырдын маанисин түшүнүү жана эмоционалдык маанайын билүү жана энелердин жана апалардын майрамы» (4 саат)**

***Маалыматтык (окуу) материалдары:*** Окуучулар менен **энелердин жана апалардын майрамы** жөнүндө ырдын мазмунун талдоо, маектешүү.

***Музыкалык материалдар:***

1. «Апакемдин майрамы», музыкасы, сөзү С. Кынатовдуку – үйрөтүү, аткаруу.
2. «Айым-күнүм ата-энем», музыкасы, сөзү Ш. Эсенгуловдуку, «Мы с бабулей», музыкасы А. Комарованыкы, сөзү. Л. Криллованыкы – уктуруу,
3. «Апалардын майрамы», музыкасы Ш. Кемелгазиеваныкы, сөзү Т. Самудиновдуку – үйрөтүү, аткаруу.
4. «Эне менен бала», музыкасы К. Молдобасановдуку, «Гүл бакта», музыкасы Ж. Малдыбаеваныкы – уктуруу.

**Тема:** «Ырды туура ыргакта жана таза үндө ырдоо, Нооруз майрам» (8 саат)

***Маалыматтык (окуу) материалдары:*** «Чон, атанын күүсү», «Жан апам», «Келди Нооруз» чыгармаларын уктуруу жана окуучулар менен уктурулган чыгармаларды

салыштырып маек куруу. Окуучулар менен уктурулган чыгармалардын маанайы жөнүндө маек куруу. «Ноорузум» – аткаруу. Өтүлгөн темаларды кайталоо.Чейректик корутунду сабакка даярдануу. Чейректик корутунду концерт – сабак.

***Музыкалык материалдар:***

1. «Келди Нооруз», музыкасы Р. Абдыкадыровдуку, сөзү Г. Момунованыкы – үйрөтүү, аткаруу.
2. «Жур польканы бийлейли» музыкасы Н. Давлесовдуку, сөзү Ж. Садыковдуку, «Чон, атанын күүсү», музыкасы К, Молдобасановдуку, «Жан апам», музыкасы жана сөзү И. Жунусовдуку – уктуруу.
3. «Жакшылыктын жылы болсун», музыкасы Ж. Малдыбаеванык ы – үйрөтүү, аткаруу.
4. «У нас сегодня весело» музыкасы В. Карзинанык ы, сөзү Г. Ладоншикованыкы, «Маме», музыкасы М. Давиташвлиники, сөзү М. Садовскийдики – уктуруу.
5. «Ноорузум», музыкасы А. Карыбаевдики, сөзү Э. Эрматовдуку – үйрөтүү, аткаруу.

**IV ЧЕЙРЕК (16 саат)**

**Тема: «Ар кандай музыкалык жанрлар менен таанышуу (балалар ырлары, оюн-зоок музыкасы, жазда»** (12 саат)

***Маалыматтык (окуу) материалдары:***

1. Музыкалык дидактикалык оюндар. «Жамгыр», «Көгүчкөн», «Байчечекей» – уктуруу. Окуучулар менен чыгармалардын мазмуну жөнүндө маек куруу. Музыкалык дидактикалык оюндар. Окуучулар аткарылган чыгармалардын ыргагы жөнүндө маек куруу. «Көпөлөк», «Жамгыр» - уктуруу. Окуучулар чыгармалардын мазмунуна жараша кыймыл көрсөтүү. Окуучулар өтүлгөн сабактардагы уктурулган жана аткарылган музыкалык чыгармалар менен маек курушат**.**

***Музыкалык материалдар:***

2. «Күтүп жүрөм», музыкасы М. Касейдики, сөзү Д. Жамансартованыкы – үйрөтүү, аткаруу.
3. «Жаз келди», музыкасы А. Малдыбаевдики, «Байчечекей», музыкасы Г.Ашымованыкы – уктуруу.
4. «Уя жасап береличи», музыкасы М. Бегалиевдики – уктуруу, үйрөтүү, аткаруу.
5. «Ак гүлдөр», музыкасы Т.Казаковдуку, сөзү И.Исаковдуку – үйрөтүү, аткаруу.
6. «Пришла весна», музыкасы жана сөзү С.Булдакованыкы – уктуруу, үйрөтүү, аткаруу.
7. «Май келди», музыкасы Н. Давлесовдуку, сөзү Т. Тыныбековдуку – үйрөтүү, аткаруу.
8. «Көгүчкөн», музыкасы А. Малдыбаевдик, «Көпөлөк», музыкасы К. Молдобасановдуку, «Жамгыр», музыкасы К. Молдобасановдуку, «Болуп калды жаз убак», музыкасы Т. Чокиевдики, сөзү Б. Сарногоевдики – уктуруу.
9. «Золотое сонце», музыкасы жана сөзү Е. Обухованыкы – үйрөтүү, аткаруу.

**Тема: «Музыканын маанайын жана мүнөзүн аныктоо, жайда» 4 саат**

***Маалыматтык (окуу) материалдары:***

Окуучулар менен «Жайда» деген темада музыкалык маек куруу. Дидактикалык оюндарды өткөрүү. Бул сабакта ата-энелердин алдында балдар жыл бою өздөштүрүшкөн чыгармалардан аткаруу.

***Музыкалык материалдар:***

1. «Лета – это красота», музыкасы жана сөзү Н. Сафоничеванык ы – уктуруу.
2. «Жайда», музыкасы А. Малдыбаевдики – үйрөтүү, аткаруу, уктуруу.
3. «Жайда» деген темага окуучулардын ой жүгүртүүсү. Жайкы каникулду өткөрүү боюнча маек-сабак.

**2-класста «Музыка жана аң-сезим»** деген жалпы жылдык тема коюлуп, анын мазмуну жана максаты төмөнкү багыттарда берилди.

**1-чейрек:** "Музыканын тили". Темалар: – Музыкалык үндөр (бийик, төмөн, узун, кыска) менен аң-сезимди байланыштыруу; – Музыкалык ритмдерди түшүнүү жана сезүү (тез, жай, бир тектүү, өзгөрүү); – Музыкалык динамика (күчтүү, алсыз) менен аң-сезимди байланыштыруу; – "Музыкалык сөздөр" оюну (ар кандай музыкалык элементтерди сөздөр менен байланыштыруу). – Күтүлгөн натыйжа: Окуучулар музыканын негизги элементтерин (үн, ритм, динамика) түшүнүп, аларды өзүнүн сезимдери менен байланыштыра алышат.

**2-чейрек:** "Музыкалык түстөр". Темалар: – Музыка менен түстөрдүн байланышы (ар кандай музыкага карата түстөрдү тандап алуу); – Музыкалык аспаптардын үнүнүн түсүн табуу (мисалы, скрипканын үнү жашыл, барабандын үнү кызыл) – "Музыкалык сүрөт" оюну (музыканы угуп, сүрөт тартуу); – Күтүлгөн натыйжа: Окуучулар музыканы угуп, түстөр менен байланыштыра алышат, музыкалык фантазияларын өнүктүрүшөт.

**3-чейрек:** "Музыка жана эмоциялар". Темалар: – Музыканын маанайын аныктоо (кубаныч, кайгы, тынчтык, капа); – Ар кандай маанайдагы музыканы угуп, сезимдерди талдоо; – Музыка аркылуу эмоцияларды билдирүү (мисалы, кубанычтуу музыкага бийлөө, кайгылуу музыкага ырдоо); – "Эмоциялар оркестри" оюну (ар кандай эмоцияларды музыка аркылуу билдирүү); – Күтүлгөн натыйжа: Окуучулар музыканын маанайын аныктап, өзүнүн сезимдерин музыка аркылуу билдире алышат.

**4-чейрек:** "Музыка жана фантазия". Темалар: – Музыканы угуп, фантастикалык окуяларды жаратуу; – Музыкага карата кыймылдарды түзүү (бийлөө, пантомима, драма); – Музыкалык аспаптарды колдонуу менен өзүнүн музыкалык чыгармаларын жаратуу; – "Музыкалык театр" оюну (музыкага карата драмалык оюндарды ойноо); – Күтүлгөн натыйжа: Окуучулар музыканы угуп, фантазияларын өнүктүрүшөт, өзүнүн музыкалык чыгармаларын жаратууга кызыгууну арттырат.

**2-класска «Музыкалык үндөр (бийик, төмөн, узун, кыска) менен аң-сезимди байланыштыруу, музыка биздин жашообузда»** деген негизги тема берилди. Мында 1-класстын темасына салыштырмалуу музыка окуучулардын жашоо-турмуштары менен түздөн-түз байланышта болду. Анын мазмуну жана максаты төмөндөгүдөй багыттарда көрсөтүлдү:

**I ЧЕЙРЕК (18 саат)**

**Тема: «Музыкалык үндөр (бийик, төмөн, узун, кыска) менен аң-сезимди байланыштыруу, биз окуучу балдарбыз» (6 саат)**

***Маалыматтык (окутуу) материалдар:***

1. Музыка деген эмне? Окуучулар менен музыка жөнүндө маектешүү. К. Букалаевдин чыгармачылыгы жөнүндө баарлашуу. Музыкалык сабаттуулук деген эмне? Музыкалык добуштар. Окуучулар менен музыкалык добуштар жөнүндө маек куруу. Обон жөнүндө түшүнүк. Музыкалык дидактикалык оюндар. Нота сызыктары жөнүндө түшүнүк.

***Музыкалык материалдар:***

1. «Биринчи коңгуроо», музыкасы М. Касейдики, сөзү С. Эралиевдики - уктуруу.
2. «Ачык көңүл балдарбыз», музыкасы К. Букалаевдики, сөзү А. Кыдыровдуку - үйрөтүү, аткаруу.
3. «Эне тилим – кыргыз тилим», музыкасы К.Букалаевдыкы, сөзү Г.Болотованыкы - уктуруу.

4. «Адептүү баламын», музыкасы Ж. Дуйшеналиевдики, сөзү А. Кыдыровдуку – үйрөтүү, аткаруу.

5. «Убада берем», А. Малдыбаевдики, «Тартиптүү бала», музыкасы Т. Эрматовдуку, «Досторум бар жерде», музыкасы В. Шаинскийдики, сөзү М. Таничтики – уктуруу.

6. «Окуу, окуу», музыкасы Н. Давлесовдуку, сөзү А. Токомбаевдики – үйрөтүү, аткаруу.

7. «Мына минтип» музыкасы, сөзү А. Малдыбаев – үйрөтүү жана уктуруу.

**Тема: Музыкалык ыргактарды түшүнүү жана сезүү (тез, жай, бир тектүү, өзгөрүү), күз келди (6 саат)**

**Маалыматтык (окуу) материалдары:**

Скрипкалык ачкыч (Соль ачкычы). А. Малдыбаевдин (балдар ырларынын негизинде) чыгармачылыгы жөнүндө маек куруу. Ноталардын аталыштары жана ноталык сызыкчаларда (станда) жайгаштырылышы. Музыкалык дидактикалык оюндар. "Музыкалык сөздөр" оюну (ар кандай музыкалык элементтерди сөздөр менен байланыштыруу).

***Музыкалык материалдар:***

1. «Күзгү бакчам», музыкасы С. Айдаровдуку, сөзү Ж. Садыковдуку – үйрөтүү, аткаруу.

2. «Күз келди», музыкасы Э. Койбагарованыкы, сөзү К. Аскаровдуку – үйрөтүү, аткаруу.

3. «Алтын күз», музыкасы Р. Абдыкадыровдуку – аткаруу жана уктуруу.

4. «Жардам бердик», музыкасы А. Малдыбаевдики сөзү М. Жангазиевдики, «Теримчилер», музыкасы С. Жумалиевдики, «Күз», музыкасы К. Эралиеваныкы, «Теримчилдер», музыкасы С. Жумалиевдики, «Осень золотая» – уктуруу.

5. «Бүлдүркөн», музыкасы А. Бөдөшовдуку, сөзү Ж. Мамытовдуку – үйрөтүү, аткаруу.

**Тема: Музыкалык динамика (күчтүү, алсыз) менен аң-сезимди байланыштыруу, биз Мекенди сүйөбүз (6 саат)**

***Маалыматтык (окуу) материалдары:***

Музыкалык сабат. Ноталардын аталыштары жана ноталык сызыкчаларга жайгашышы. Музыкалык дидактикалык оюндар. Музыкалык сабат. Ноталардын жайгашышы (кайталоо). Өтүлгөн чейректеги музыкалык чыгармалардын мазмуну жөнүндө окуучулар менен маек куруу. Композитор А. Бөдөшовдун чыгармалары.

***Музыкалык материалдар:***

1. «Кыргызстаным», музыкасы А.Бөдөшовдуку, сөзү К.Урманбетовдуку – үйрөтүү, аткаруу.

2. «Ай кең мекен, кең мекен», музыкасы А. Жээнбайдыкы, сөзү Р. Рыскуловдуку,

3. «Мен кыргыздын уулумун», музыкасы, сөзү Ш.Эсенгуловдуку, «Сыймык», музыкасы Т. Чокиевдики, сөзү К. Урманбетовдуку, «Баластан», музыкасы Т. Казаковдуку, сөзү К. Урманбетовдуку – уктуруу.

4. «Светафор», музыкасы Э. Сасыбаевдики, сөзү К.Абдрахмановдуку – үйрөтүү, аткаруу.

**II ЧЕЙРЕК (14 СААТ)**

**Тема «Музыканын маанайын аныктоо (кубаныч, кайгы, тынчтык, капа), ар мүнөздүү балдарбыз» (7 саат)**

***Маалыматтык (окуу) материалдары:*** Музыкалык сабат. Ноталардын созулуштары жөнүндө жалпы түшүнүк. Музыкалык сабат. Бүтүн нота. Музыкалык сабат. Жарымдык нота. Музыкалык сабат. Чейректик нота.

***Музыкалык материалдар:***

1. «Ар мүнөздүү балдарбыз», музыкасы А. Мурзабаевдики, сөзү Ж.
2. Абдыкалыкованыкы – үйрөтүү, аткаруу.
3. «Уя жасап береличи», музыкасы М. Бегалиевдики, сөзү Ш. Дүйшеевдики – үйрөтүү, аткаруу.
4. «Оюн», музыкасы Э. Жумабаевдики, «Бийлеймин», музыкасы, сөзү Г. Эсенгулованыкы, «Крокодил Генанын ыры», музыкасы В. Шаинскийдики, сөзү А. Тимофеевскийдики, «Уят ай», музыкасы Ж. Малдыбаеваныкы, сөзү А. Кадырованыкы, «Ынтымак ыры», музыкасы А. Укурчиновдуку, сөзү М. Тойбаевдики, «Досторго», музыкасы К. Молдобасановдуку, «Эки дос», музыкасы (күү) Ы. Тумановдуку – уктуруу.
5. «Баканын ыры», музыкасы К. Букалаев, сөзү А. Карасартов – үйрөтүү, аткаруу.

**Тема: «Ар кандай маанайдагы музыканы угуп, сезимдерди талдоо жана кел, жаңы жыл, келе гой!» (7 саат)**

1. ***Маалыматтык (окуу) материалдары:*** Музыкалык сабат (өтүлгөн темаларды кайталоо). Музыкалык сабат. Тыныгуулар (пауза). Музыкалык сабат. Сегиздик нота. Жарым жылдык корутунду сабакка даярдануу. Чейректеги аткаруу үчүн берилген чыгармаларды кайталоо. Жаңы жылдык концерт – сабак.

***Музыкалык материалдар:***

2. «Аппак кар», музыкасы Т. Чокиевдики, сөзү С. Исаковдуку – үйрөтүү, аткаруу.
3. «Жаңы жыл», музыкасы М. Абдраевдики, «Жаңы жыл», музыкасы М.Бостонкуловдуку, «Новый год», группа Радуга, «Татынакай телефон», музыкасы М. Рыскуловдуку сөзү К. Абдрахмановдуку – уктуруу.
4. «Жаңы жыл», музыкасы, сөзү Г. Эсенгулованыкы – үйрөтүү, аткаруу.
5. «Көк жылгаяк», музыкасы элдики иштеп чыккан С. Бактыгулов –уктуруу, аткаруу.

**III чейрек (20 саат)**

**Тема: «Музыканын маанайын аныктоо (кубаныч, кайгы, тынчтык, капа), кыш» (5 саат)**

***Маалыматтык (окуу) материалдары:*** Музыканын маанайын аныктоо боюнча окуучулар менен маек куруу, кайталоо.

***Музыкалык материалдар:***

